УДК: 811.51

**Кошуева М. Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Ош мамлекеттик университети*

## МУУН ТИПТЕРИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ "КЫЗЫЛ ПРОФЕССОР" К. ТЫНЫСТАНОВДУН ЖАНА АКАДЕМИК Б. Ө. ОРУЗБАЕВАНЫН ЭМГЕКТЕРИНДЕ

**Кошуева М.Ж.**
кандидат филологических наук, доцент
*Ошский государственный университет*

## ТИПЫ СЛОГОВ В ТРУДАХ "КРАСНОГО ПРОФЕССОРА" К. ТЫНЫСТАНОВА И АКАДЕМИКА Б. Ө. ОРУЗБАЕВОЙ

**Kochueva M. J.**
candidate of Philology, associate Professor
*Osh state University*

## TYPES OF SYLLABLES IN THE WORKS OF "RED PROFESSOR" K. TYNYSTANOV AND ACADEMICIAN B. Ө. ORYZBAEVA

**Аннотация.** Макалада академик Бүбийна Өмүрзакова Орузбаеванын "Сөз курамы" эмгегинде муундун 75 тиби илимий анализге алынган. Анда К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча" сөздүгүндөгү уңгу сөздөр изилдөөнүн обьектиси болгон. Ал 75 типке бир үндүү тыбыштан турган бир муундуу сөздөрдөн тартып, сөздүн оболочкасын түзгөн үндүү-үнсүз тыбыштардын түрдүү жайгашуусунан келип чыккан 2-3 муундуу сөздөр кирген. Мына ушул өзгөчөлүккө ылайык муундун 75 тиби аныкталган. Аталган 75 тип К. Тыныстановдун 161-инвентардык номердеги сөздүгүнүн 2-китебинде К. Тыныстанов тарабынан иштелип чыккан муун типтери менен салыштырылган.

**Ачкыч сөздөр:** уңгу сөздөр, муун типтери, сөздүк, үндүү тыбыш, үнсүз тыбыш, илимий анализ, илимий концепция ж.б.

**Аннотация.** В статье труд академика Бубийны Омурзаковой Орузбаевой «Структура речи» содержит 75 типов слогов для научного анализа. Объектом исследования были коренные слова в «Кыргызско-русском» словаре К. К. Юдахина. Оно включает 75 типов, от однослоговый слов, состоящих из одного гласного звука, до 2-3-слоговый слов, образующихся в результате различного размещения гласно-согласных звуков, образующих оболочку слова. По этому признаку выявлено 75 типов суставов. Упомянутые 75 типов сопоставлены с суставными типами, разработанными К. Тыныстановым во 2-й книге словаря инвентарного номера 161 К. Тыныстанова.

**Ключевые слова:** корневые слова, типы слогов, словарный запас, гласные звуки, согласные звуки, научный анализ, научная концепция и т. д.

**Annotation.** In the article, the work of academician Bubiyna Omurzakova Oruzbaeva "Speech Structure" contains 75 types of syllables for scientific analysis. The object of the study were root words in the "Kyrgyz-Russian" dictionary of K. K. Yudakhin. It includes 75 types, from monosyllabic words consisting of one vowel sound to 2-3-syllable words formed as a result of different placement of vowel-consonant sounds that form the shell of the word. According to this feature, 75 types of joints were identified. The mentioned 75 types are compared with the joint types developed by K. Tynystanov in the 2nd book of the dictionary of inventory number 161 of K. Tynystanov.

**Key words:** root words, types of syllables, vocabulary, vowel sounds, consonant sounds, scientific analysis, scientific concept, etc.

Академик Б. Ө. Орузбаева кыргыз тил илиминин бир канча тармагында эмгектенип, илим дүйнөсүнө белгилүү иштерди жасап, бүгүнкү күндө кыргыз коомчулугунда тарыхтан орун алды. Мамлекеттик тилге жан үрөп, бир канча макалаларды жазган жана кыргыз тил илиминин тармагы боюнча да бир канча эмгектери бар. Алардын катарына «Сөз» жана «Сөз курамы» аттуу эмгектерин мисал келтирүүгө болот.

«Сөз курамы» аттуу китебинде сөз жана уңгу жөнүндө жалпы түшүнүк, уңгу сөздөрдүн муун жана тыбыштык түзүлүшүнө, уңгулардын тыбыштык түзүлүшүнө жараша типтерине мүнөздөмө берген. Мындан сырткары сөз жасоонун жалпы табиятына, сөз жасоо жана анын мүнөздүү белгилерине жана кыргыз тилиндеги куранды мүчөлөр боюнча илимий кызыктуу маалыматтарды берген. Бул эмгектин кириш бөлүмүндө илимпоз изилдөөнүн максатына жана талдоого алынуучу факт материалдарга мүнөздөмө берет; тиешелүү адабияттардын обзорунда проблеманын теориялык өбөлгөлөрү баяндалат да, алардын чечилүү процессиндеги айтылган ар түрдүү пикирлер, карама-каршы көз караштар талданып, жарык көргөн адабияттарда бул проблеманын чечилүү даражасы, алардагы айрым ачылбай калган учурларга көңүл бурулат. Биз, академик Б. Ө. Орузбаеванын аталган эмгегиндеги муун типтерине байланышкан темаларына кайрылабыз.

Б. Ө. Орузбаева муун типтерине байланышкан маселени «Сөз курамы» эмгегинде 68-беттен, 190-бетке чейин анализге алган. Аны "Уңгулардын тыбыштык түзүлүшүнө жараша типтеринин кыскача мүнөздөмөсү" деген темада караган [5: 68-б.]. Анда муундун 75 тибин көрсөтөт. Муундардын тыбыштык өзгөчөлүгүн берүүдө үндүү тыбыштарды **Г** менен, үнсүз тыбыштарды **С** менен белгилейт, жумшак жана уяң үнсүздөрдү өз алдынча белгилебейт, алар жалпы эле үнсүз тыбыш катары **С** менен берилген.

Сөздөрдү муунга бөлүүдө (ажыратууда) үндүү тыбыштардын ролу чоң экендиги белгилүү, тактап айтканда, сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муун келип чыгат. Ошол традиция менен бул эмгекте да муундун 1-тиби адаттагыдай эле, бир тыбыштан турган үндүү тыбыштан башталат. М: **Г- а.** Бул типке **а** *(а менден кичүү)*, **о** *(О кишинин жигирме түп тыты бар экен)*, **ү** (*... ү дээрине үн калбай)*, **э** (*э дедирбей – в момент*), **и** (*и? – ну?, что?*) ж.б. мисалдарды келтирет. "Ошентип, булар а, о, э, ү, и үндүү тыбыштарынан жасалган" деп белгилейт да, булардын тарыхый жагына бир аз токтолот. Биз, макаланын талабына ылайык 75 типтин ар биринин мүнөздөмөсүнө токтоло албайбыз, бирок алардын 75 түрүн жана мисалын жазып көрсөтөбүз.

**1.Г-6** (а, о, э, ү, и), 2.**ГГ-9,** (оо-жүк ооду; ууууга чыгуу; ээ-үйдүн ээси), 3.**ГС-172** (өң, аш, эт ж.б.), 4.**ГСГ-99** (эне, ата ж.б.), 5.**СГ-26** (ме, де ж.б.), 6.**ГГС-17** (ууз, ээр ж.б.), 7.**ССГ-71** (бээ, жаа, суу ж.б.), 8.**ГСС-32** (эрк, ант ж.б.), **9.СГС-726** (бал, жаз ж.б.), **10.СГСС-217** (журт,болк ж.б.), **11.ГСГС-420** (бала, бодо ж.б.), **12.СГГС-78** (боор, таан ж.б.), **13.ГГСС-1** (уурт), **14.ГСГГ-149,** (акта, акча ж.б.) **15.ГСГС-273** (ажар, адыр ж.б.), **16.ГСГГ-23** (аруу, азоо ж.б.), **17.ГГСГ-12** (аары, оона ж.б.), **18.ГСГСГ-40** (алеки, араба ж.б.). **19. ГССГС-234** (асман, аскар ж.б.), **20.ГСГСС-1** (айант ж.б.), **21. СГСГГ-52** (байоо, жагоо ж.б.), **22.ГГСГГ-6** (эрдөө, ындоо ж.б.), **23.ГГСГС**-(оолак, оолук ж.б.), **24. ГСГГС-14** (өрөөн, ураан ж.б.), **25. ГГССГ-4** (аарчы, ээрчи ж.б.), **26.СГССГ-212** (байге, дуңга ж.б.), **27.СГГСГ-42** (дөөтү, шаани ж.б.), **28.СГСГС-936** (балык, күкүк ж.б.), **29. СГССГС-920** (тилмеч, суксур ж.б.), **30. СГСГСГ-95** (бетеге, томого ж.б.), **31. СГСГСГ**-(томоло, тоголо ж.б.), **32.ГСГССГ-19** (үзөңгү, ыңылда ж.б.), **33. ГСГСГС-32** (абысын, ысырык ж.б.), **34. ГССГСГ-19** (илгери, аңгыча ж.б.), **35. ГСГСГГ-1** (омуроо), **36.СГГСГС-49** (баатыр, жуурат ж.б.), **37.СГССГГ-25** (таттуу, талкуу ж.б.), **38.СГГССГ-7** (каалга, жээрде ж.б.), **39. СГСГСС-2** (дүбүрт, чикерт ж.б.), **40. СГСГГС-1** (куртка), **41. СГСГГС-32** (татаал, текөөр ж.б.), **42.ГССГСС-3** (албарс, ыңкыйт ж.б.), **43.ГГССГС-2** (Улжан, оорсок ж.б.), **44. ГГССГГС-9** (албуут, өткөөл ж.б.), **45. ГСССГС-1** (арстан, арслан), **46.СГСССГГС-15** (серпөөч, тинтүүр ж.б.), **47.СГГССГС-6** (жээнчер, буурчак ж.б.), **48.СГГССГС-2** (доолдай, жууркан ж.б.), **49. СГССГСС-4** (бешмант, чалгырт ж.б.), **50. СГГССГС-5** (туурдук, чаарчык ж.б.), **51.СГССГСС-1** (чымчуур), **52.ГСГССГС-10** (акийнек, эңилчек ж.б.), **53. ГССГСГС-9** (устукан, алпуруш ж.б.), **54.ГССГССГ-2** (аргамжы, онжурга ж.б.), **55. ГССГГСГ-2** (айбаалы, ургаачы ж.б.), **56.ГСГГСГС-1** (ылаачын.), **57.ГСГСССГ-1** (омуртка), **58.СГССГСГ-21** (канжыга, магдыра ж.б.), **59. СГСГССГ-29** (көрөңгө, кабырга ж.б.), **60.СГСГСГС-29** (кекилик, сойочор ж.б.), **61. ГСГСГГСГ-1** (абажаары), **62. ГСГССГГС-1** (өрөскөөл), **63. ГССГССГС-3** (ашмалтай, өчмөнтөй, эргенчек), **64.СГСГССГС-45** (толорсук, чырымтал ж.б.), **65.СГССГСГС-29** (бурганак, шыргалаң ж.б.), **66.СГСГСССГС-2** (кумурска, тибиртке), **67.СГСГГСГС-1** (сүлөөсүн), **68.СГГСГСГС-1** (соорусун), **69.СГСГГСГ-1** (булгаары), **70.СГССГССГ-6** (кондурга, кырчаңгы ж.б.), **71.СГСГСГГС-3** (бакалоор, томуроон, чыкыроон), **72.СГСГСГСГС-1** (чабалекей), **73.СГСГССГГС-1** (каңылжаар), **74.СГССГССГС-4** (бүлдүркөн, төрбөлжүн

ж.б.), **75.СГССГСССГ-1** (жылбырска) [5: 68-190-б.]. Бул муун типтерине түшүнүк бе-ре турган болсок, мисалы ушул "**29.СГССГС-920**" деген типти алып көрөлү. Мында "29" деген сан типтин катар номерин билдирсе, **СГССГС** деген бул белгилер ушул типке кирүүчү үндүү, үнсүз тамгаларды белгилөөчү шарттуу белгиси, ал эми "**920**" деген сан, ушул типке кирген сөздөрдүн жалпы суммасын билдирет. Бул 920нын 460тан ашыгы зат атооч сөздөр, 43ү сын атооч, ал эми 27си тууранды сөздөр болуп эсептелет. Ошентип, 75 тип ушундайча чечмеленет. Бул муун типтерин анализдөөдө профессор Б. Ө. Орузбаева К. К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндөгү" сөздөрдү гана алып анализдеген [5: 68-б.]. Ошондуктан буларды кыргыз лексикасындагы бардык сөздөрдөн ке-лип чыккан муун типтери деп чектөөгө болбойт.

Биздин байкообузга караганда, жогорудагы муундун 75 тибинде кээ бир типтер кайталанып калгандай, мисалы, 11, 15-тип окшош, 30 менен 31-тип окшошот. Албетте булардын мисалдарында айырма бар, тактап айтканда, сөздүн оболочкасын түзгөн үндүү, үнсүз тыбыштардын жайгашуу өзгөчөлүгү боюнча айырмаланып турат. Мисалы, "үзөңгү", "ысырык" сөздөрү *ү-зөң-гү*, *ы-сы-рык* болуп, 3 муундуу сөздөрдүн катарына кирери көрүнүп турат, бирок Б. Ө. Орузбаева түзгөн муун тибинде 3 муунду түзгөндүгүнө карабастан, булар 2 түрдүү типке кирет: *үзөңгү* – **ГСГССГ**, *ысырык* – **ГСГСГС.** Анткени, мында үндүү, үнсүз тыбыштардын жайгашуу өзгөчөлүгү эске алынган. Ошондуктан, бул 75 типтин 32 жана 33-типтери 3 муундуу сөз болсо да, 2 түрдүү типке бөлүнгөн, мындай кайталанганга окшогон типтер көп эле кездешет. Ошентип, муундун 75тиби келип чыккан. Кээде мисал менен схема дал келбей калган учурлар да кездешет. Мисалы, 40-типтин схемасы менен келтирилген мисалы дал келбейт, биз басмадан ката кетирилген болуу керек деп эсептедик. Алсак, 40-типтин схемасы **СГСГГС** деп берилгендиктен, **үнсүз+үндүү+үнсүз+үндүү+үндүү+үнсүз** тыбыштардан туруу керек эле, анткени мисалга алынган *куртка* сөзү 1үнсүз, 1үндүү, 3үнсүз, 1үндүү тыбыштардан турат, бирок сөздү схема менен салыштырып көргөндө, тыбыштык түзүмү дал келбей жатат [5: 176-б.]. Ошентсе да, көрсөтүлгөн 75 типтин ар бир тибин өз алдынча карап чыгып, тилдик-фактылык материалдар келтирилген. Ар бир типтин жалпы сөзүнүн суммасы чыгарылган. Ошол жалпы сөздөрдү кайсы сөз түркүмдөрүнө тиешелүүлүгүнө карата бөлүштүргөн жана ал сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөрдүн өз-өзүнчө суммасы чыгарылган. Мисалы, 41-типке жалпы 32 сөз кийирилген, анын 28и зат атооч, 3 сөзү сын атооч, 1 сөзү этиш деп бөлүштүрүлүп, сөздөр тиешелүү ошол сөз түркүмүнө жазылып чыккан. Андагы кээ бир сөздөрдүн этимологиясы тектеш тилдер менен салыштырылган. 75 типтин баары ушул тартипте иштелген.

Б.Ө.Орузбаеванын сөздөрдүн тыбыштык өзгөчөлүгүнө карата типтерин иштеп чыгууда жогорку деңгээлде анализ жүргүзгөндүгүн баса белгилөөгө болот. Анткени уңгу сөздөрдүн тибин иштеп чыгууда аларды тектеш тилдер менен салыштыруу зарылдыгы келип чыгат жана алардын этимологиясына кайрылууга туура келет. Автор бул маселени кароодо анализга алынган сөздүн маанисин так түшүндүрүү үчүн ал сөздүн орусча котормосун да берип кеткен жана этимологиясын окумуштуулардын пикирине таянуу менен далилдеп, анализге алгандыгы да иштин натыйжалуулугун, илимийлүүлүгүн арттырып турат. Мындан 30-жылдарга салыштырмалуу, кийинки изилдөөлөрдө муун типтеринин илимий анализге алынышы, сөздөрдүн этимологиясынын жогорку деңгээлде иштелип чыгышы, илимдин өнүгүү жолуна түшкөндүгү катары эсептейбиз. Ошентип, бул саамалык, илимий изилдөө профессор Б. Ө. Орузбаева тарабынан жүргүзүлгөн.

Негизинен, жалпы тил илиминде муундун 13 тиби белгиленип жүрөт. Алар V, VC, CV, CVC, VCC, VCCC, CVCC, CCVC, CCVCC, CVCCC, CCCVC, CCCVCC, CCVCCC болуп саналат. Булардын V, VC, CV, CVC, VCC, CVCC тиби гана кыргыз тилине тиешелүү. Албетте булар бир муундуу гана сөздөрдүн тибине таандык, эки жана андан ашык муундан турган сөздөрдүн тиби башка.

Уңгу сөздөрдүн тыбыштык өзгөчөлүгү жана аларды муун типтерине ажыратылышы 30-жылдары Касым Тыныстанов тарабынан жүргүзүлгөндүгү белгилүү. Ал муун типтерин лингвистикалык сөздүктөрүндө ишке ашырган, тактап айтканда, 15ке жакын лингвистикалык сөздүк түзгөн (сөздөрдү жыйнаган), уңгу сөздөргө арналган 161-инвентардык номердеги сөздүгүнүн 2-китебиндеги сөздөр бир гана тыбыштан турган сөздөн баштап V – *(оо),* эки муундан турган

CVCCCVC *(терскен)* тибиндеги сөздөр менен аяктаган. Муундар тыбыштык түзүлүшү боюнча жөнөкөйдөн татаалды көздөй жайгаштырылган.

Касым Тыныстанов «Сөздүктө» муун типтерин белгилөөдө [4] үндүүлөрдү **А**, үнсүздөрдү **L,** каткалаң, жумшак үнсүздөрдү **Р** тамгалары менен белгилеген. Анын кол жазма сөздүктөрүнүн баары латын графикасында жазылганы бизге белгилүү, ошондуктан муун типтери латын тамгалары менен берилген. Аларды таблица менен көрсөткөндө, муун типтери төмөнкүлөр:

| **Үндүү менен башталган бир муундуу сөз тиби** | **Үнсүз менен башталган бир муундуу сөз тиби** | **Үндүү менен башталган эки муундуу сөз тиби** | **Үнсүз менен башталган эки муундуу сөз тиби** |
|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** |
| 1. **А**-уу (заар),<br>2. **АР**-ак (куудай),<br>3. **ALP** – ырк, | 4. **РА** – күү,<br>5. **РАР** - как,<br>6.**PALP**-калп, | 7.**АРА** – ата,<br>8.**АРАР** – өтүк,<br>9.**APALP** – айант,<br>10.**АРРА** – акча,<br>11.**АРРАР** – үстөк,<br>12.**APALP** – апырт,<br>13.**APPALP** – астырт,<br>14.**ALPPAL**– анткор. | 15.**РАРА** – какы,<br>16.**РАРАР** – чатак,<br>17.**РАРРА** – какша,<br>18.**РАРРАР** – какшык,<br>19.**PAPALP** – күкүрт,<br>20.**PALPALP** - калдырт,<br>21.**PALPPA** – буйтка,<br>22.**PALPPAP** – терскен. |

Касым Тыныстановдун уңгу сөздөрдү муун типтерине бөлүштүрүүдө (сөздүк түзүүдө) белгилүү тартип менен иштеп чыккандыгын байкоого болот. Анда ал, **бир муундуу** сөздөрдүн тибине кирген сөздөрдү, **үндүү менен башталган эки муундуу** сөздөрдүн тибине кирген сөздөрдү, андан кийин **үнсүз менен башталган эки муундуу** сөздөрдүн тибине кирген сөздөрдү өз-өзүнчө топтоштурган. Андан муун типтери да ушул ырааттуулукта келип чыккан.

Ал гана турсун, бир муундуу сөздөрдүн тибин да адегенде **үндүү менен** башталганын, андан кийин **үнсүз менен** башталганын жайгаштырган.

Мисалы:
1. **А** - уу (заар),
2. **АР** - ак (куудай),
3. **ALP** – ырк.
4. **РА** – күү,
5. **РАР** - как,
6. **PALP** – калп

"Сөздүккө" уңгу жана туунду сөздөрдү топтоштурган, туунду сөздөргө -ылда, -к, -аң, -ла, -ырак, -алак, -алаң, -агай, -кей, -да (-ла), -ыра, -аке, -мат куранды мүчөлөрү колдонулган. Ар бир муун тибинен кийин топтолгон сөздөрдүн (келип чыккан сөздөрдүн) суммасы чыгарылган. Аны биз таблица аркылуу төмөнкүдөй көрсөтөбүз:

| Бөлүктөр / Уңгулар | 1-бөлүк | 2-бөлүк | 3-бөлүк | 4-бөлүк | 5-бөлүк | 6-бөлүк | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| VC | 13 | 12 | 2 | 3 | 1 | - | **31** |
| CV | 4 | - | - | - | - | - | **4** |
| VCC | 14 | 34 | 4 | 17 | 17 | 9 | **95** |
| CVC | 88 | 89 | 40 | 30 | 10 | - | **257** |
| CVCC | 177 | 292 | 45 | 159 | 70 | 57 | **800** |
| **Бардыгы** | **296** | **427** | **91** | **209** | **98** | **66** | **1187** |

Муун типтерине байланышкан маселелерди дагы терең изилдөөгө алуу зарыл. Анткени академик Б. Ө. Орузбаева жалаң уңгу сөздөрдүн муун типтерине анализ жасаса, окумуштуу К. Тыныстанов уңгу жана туунду сөздөрдүн муун типтерин белгилеген. Ошондой эле, К. Тыныстанов бир муундуу сөздөрдү өзүнчө, эки муундуу сөздөрдүн (үндүү менен башталган жана үнсүз менен башталган) муун типтерин өзүнчө иштеп чыккан. К. Тыныстановдун варианты боюнча 1 муундуу сөздөрдүн 6 тибин, үндүү менен башталган эки муундуу сөздөрдүн 8 тибин, үнсүз менен башталган эки муундуу сөздөрдүн 8 тибин белгилеп, жалпысынан 22 муун тибин караган. Бирок, жогоруда аталган сөздүгүндө жыйналган сөздөрдө 1 муундуу сөздөрдүн 6 тибин, үндүү менен башталган эки муундуу сөздөрдүн 5 тибин, үнсүз менен башталган эки муундуу сөздөрдүн 5 тибин көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, академик Б. Ө. Орузбаева менен "кызыл профессор" Касым Тыныстановдун муун типтерине байланыштуу чагылдырылган илимий концепцияларын терең изилдөөгө алуу маселелерин чечүү келечектеги маселелерден болуп саналат. Жалпылап алганда, 3 муундуу сөздөрдүн 54 жана 4 муундуу сөздөрдүн 162 тибин белгилеген.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орфоэпия. Графика жана орфография. Лексикология жана фразеология. –Бишкек: Кыргызстан. 1998, 46-49-беттер.
2. Ахматов Т., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика –Ф.: Мектеп. 1978, 52-56-беттер.
3. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили: Тил илиминен маалымат. Фонетика. Графика. Орфография. Лексикология. –Бишкек: Кыргызстан, 1996.
4. КРдин УИАсынын Кол жазмалар фонду, инв.161, 2-китеби.
5. Орузбаева Б.Ө. Сөз курамы: Жогорку окуу жайларынын студ.үчүн.-Б.: Мектеп, 2000.-300 б.
6. Садыков Т.С., Токтоналиев К.Т. Азыркы кыргыз тили: фонетика жана фонология –Б.: Имак Офсет. 2015, 140-142-беттер.
7. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь.-М., 1965.